| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

I чакырылыштын 3-(кезексиз) сессия

# ТОКТОМ №23

**28.02.2025- ж.** **Манас айылы**

## “Манас айыл аймагынын аймагында тышкы жарнакты жана жарнак конструкцияларын жайгаштыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын “Жарнак жөнүндө”, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык , мамлекеттик органдардын , жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жеке жана юридикалык жактардын ортосундагы шаардын жана айылдын аймагында тышкы жарнакты жана жарнак конструкцияларын жайылтуу, жайгаштыруу маселелери боюнча мамилелерди жөнгө салуу максатында Манас айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Манас айыл аймагында тышкы жарнакты жана жарнак конструкцияларын жайгаштыруу эрежелери бекитилсин;

2. Архитетура органы калктуу конуштун аймагында орнотулган тышкы жарнак объекттерин жана жарнак курулмаларын рээстрге киргизүү боюнча тийиштүү иштерди жүргүзсүн.

3. Манас айыл аймагындагы маалыматтык-жарнак түзүмдөрүн жайгаштыруу жана эксплуатациялоо боюнча долбоорлук код эрежелерине ылайык сактоо сунушталат, көлөмдүк ак тамгалар көк фондо болуусу зарыл;

3. Токтомду расмий булактарга жарыялоо, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Манас айылдык кеңешинин жоопту катчысы Ч.Бердикуловага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.К.Атабаев**